**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Кашкариева Миргүл Абибиллаевнанын “Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары” аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

**1. Коргоого кабыл алынган диссертациялык иштин диссертациялык кеңештин шифрына ылайык адистикке туура келиши.** - Кашкариева Миргүл Абибиллаевнанын “Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары” аттуу темадагы диссертациялык иши Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;

-диссертациялык изилдөөдө камтылган илимий-методикалык проблемалар 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына шайкеш келет.

**Диссертациянын максаты:** колледждерде студенттердин кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын иштеп чыгуу, жыйынтыктарын эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү, практикада колдонууга сунуш кылуу.

***Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер чечилген:***

1. Коммуникативдик компетентүүлүктүн лингвистикалык, педагогикалык жана психологиялык жактан иштелиши иликтенип, жалпылаштырылган;

2. Колледждерде кыргыз тилин окутуудагы коммуникативдик компетентүүлүккө негизделген технологиялар иштелип чыккан;

3. Колледждерде кыргыз тили курсунда текст менен иштөө, анын натыйжасында кеп ишмердигинин калыптанышынын маани-мааниси чечмеленген;

4. Колледждерде «Кыргыз тили» курсун окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын жана методдорун аныктап, изилдөөдөн алынган натыйжаларды эксперименттен өткөрүү жана практикага сунуш кылуу иштери аткарылган.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталган:**

-биринчиден, кыргыз тили колледждерде 2000-жылдан бери окутулуп келатса да, бүгүнкү коомдун талабына төп келген заманбап окуу нормативдик негиздери иштелип чыгылбагандыгы;

-экинчиден, кыргыз тилин окутуу процессинде коммуникативдик компетентүүлүк боюнча окутуучулардын усулдук тажрыйбалары кеңейтилбегендиги;

-үчүнчүдөн, инновациялык технологияларды колдонуу менен студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгү өркүндөтүлбөгөндүгү;

-төртүнчүдөн, студенттердин эркин баарлашуу көндүмдөрүн калыптандыруу проблемасынын атайын изилденбегендиги жана бул тема боюнча методикалык иштелме, сунуштардын иштелип чыкпагандыгы, ушул маселелерди чечүү колледждерде учурдун актуалдуу маселеси болуп саналат.

**3. Илимий жыйынтыктары:** -*изилдөөдө алдына коюлган милдеттерине жараша педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*:

- коммуникациянын лингвистика менен психология илимдеринде изилдениши иликтөөгө алынып, алардын педагогикада иштелип чыгышы талдоого алынуу менен, кыргыз тилин окутууда аларды пайдалануунун теориялык-методикалык маселелери аныкталып берилген;
- студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн негизги каражаты катары кеп ишмердүүлүгү жана текст алынган;
- коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу технологиялары, ыңгайлуу ыкмалар иштелип чыккан.

3**.1. Алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү булар менен аныкталат,** *т.а изилдөөдө төмөндөгүдөй көңүл буруучу идеялар айтылган жана алар изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдейт:*

- коммуникациянын лингвистика менен психология жана педагогикада изилдениши талдоого алынууда аталган багыттагы теориялык изилдөөлөр негиз катары анынган;
- коммуникация, коммуникативдик компетенттүүлүк маселелери жетишерлик иликтенген жана аны кыргыз тилин окутууда колдонуу жолдору иликтенген;
- колледждерде кыргыз тилин окутуунун натыйжалуу формаларын, каражаттарын жана методдорун аныктап, изилдөөдөн алынган натыйжалары алгач ирет практикага киргизилген.

**3.2.** ***Иштин теориялык маанилүүлүгү булар:***

1. кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда коммуникация (баарлашуу) боюнча лингвистика жана

психология илимдеринин тыянактарына, жыйынтыктарына таянуу менен алардын педагогикада иштелип чыгышын айкалыштыруу –практикалык жактан баалуу;

2. кыргыз тилин коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууда педагогикалык-дидактикалык жана психологиялык проблемалары практикада колдонулганда жакшы натыйжага алып барары шексиз;

3. коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууда окутуунун интерактивдүү методдору окутуучулар тарабынан кенен колдонулуп, сабактардын иштелмесин, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда пайдаланылса болот.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси)** изилдөөдөн алынган натыйжалар, практикалык сунуштар, сабактын моделдери, технологиялары колледждерде кыргыз тилин компетенттүүлүккө негиздеп окутууга даяр маалыматтарды бере алат. Кыргыз тили сабагынын мазмунун, окутуунун ык-жолдорун өркүндөтүүгө, окутуунун натыйжаларын жакшыртууга кызмат кылат.

Анткени, изилдөөдө:

-компетенттүүлүк тууралуу жетишерлик илимий маалыматтар белилген;

-текст тууралуу изилдеген кыргыз-орус окумуштууларынын эмгектери жетишерик камтылган;

-компетенттүүлүккө жетишүүчү салтуу да, интерактивдүү да ыкмалар, сабактын түрлөрү, формалары, студенттер менен өткөрүүчү иштин көптөгөн түрлөрү жетишерлик берилген.

Диссертациянын материалдары **төмөндөгү басылмаларда чагылдырылган жана опрабацияланган**, Изилдөөдөн алынган натыйжалар, чыгарылган тыянактар изденүүчүнүн өзүнүн жана колледждеги эмгектенген кыргыз тилинен сабак берген окутуучулардын практикалык сабактарында колдонулган. Изилдөөнүн мазмуну боюнча илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар окулган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы.** «РИНЦ», «Web of Science» системалары аркылуу индекстелүүчү чет өлкөлүк жана республикалык илимий журналдарда жарык көргөн 11 макалада чагылдырылган.

**Натыйжада,** Миргүл Абибиллаевнанын “Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары” аттуу темадагы диссертациялык иши кыргыз тилин колледждерде окутууда студенттердин компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн жолдору, шарттары, формалары, методдору жана технологиялары аталган тармак үчүн маанилүү болуп саналат.

Авторефераттын мазмуну диссертация менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары дал келет.

**6. Сын пикирлер:** - Изилдөөдө Кыргызстандын колледждеринде кыргыз тилин окутууда жалпы билим берүүчү орто мектептердин кыргыз тили окуу программалары колдонулары айтылганы менен, мектептин 10-11-класстарында кыргыз тилин окутуунун предметтик стандарттары менен окуу программасы тууралуу дээрлик сөз кылынган эмес, (коргоого коюлган жоболорунда көрсөтүлүп турат) изденүүчү аталган документтерди темага жараша изилдеп-талдоосу, диссертациянын 1-главасына киргизиши керек болчу;

-диссертацияда аталган предметтер колледждерде компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун учурдагы абалы, андагы ийгиликтер жана кемчиликтер жана алдыңкы тажрыйбалар (иштин актуалдуулугунда белгиленип турса да) тууралуу да бир барак сөз кылган эмес;

-диссертацияда мындай деп ачык жазылып турат: тилдик компетенция калыптанмай сайын, кептик компетенция калыптанбайт деп, бирок, эксперимент жүргүзүүдө студенттерге бир канча суроолор берилген болсо да, биринде да кыргыз тилинин грамматикалык материалдары камтылган эмес, ал тургай, үлгү сабактарынын иштелмелеринде да эскертилген эмес;

- экинчи главада изилдөөнүн методологиясын толуктоо зарылдыгы бар, талап боюнча алганда да, бул главада изилдөөнүн методологиясы параграфта айтылбай калган же азыноолак гана сөз кылынган;

-диссертацияда көптөгөн окумуштуулардын тилди үйрөтүү, окутуу, ж.б. проблемалары боюнча мыкты ойлору шилтеме катары алынган, бирок бирине да автордук комментарийлер берилген эмес, же каршы же макул экендиги билинбейт, анткени, бир жерде: “сабакта грамматикага көп орун берилбеш керек” десе, бир жерде: “грамматиканы билбей, тилде сүлөөгө үйрөнүүгө болбойт” деп берилген, аларга автордук көз караш же талдоолор, пикирлер, жалпылоолор, мисалдар керек болчу;

-142-бетинде “И.Арабаев менен Х.Карасаевдин 1911-жылы Уфа шаарында жарык көргөн «Алиппе» китеби деп аталып өткөн, бул маалымат туура эмес, анткени Х.Карасаев эмес, Х.Сарсекеев”;

-143-бетинде педагог Самсак Ахмедович Давлатов” дегени бар, бул дагы туура эмес, ал окумуштуу Самак Ахмедович Давлетов.

7. *Эскертүүлөр:* Бул айтылгандар расмий коргоого чейин изденүүчү тарабынан оңдолуп-толукталат, албетте, изденүүчүнүн мүмкүнчүлүгү буга жетиштүү экендиги байкалат.

8. *Сунуштар: Диссертациялык ишти расмий коргоого оппонент катары төмөндөгүлөр сунушталат:*

**1-расмий оппонент катары** п.и.д., профессор К.Д. Добаев, КББАнын башкы илимий кызматкери, шифри – 13.00.02. *Анын бул темага жакын эмгектери:*

1. Добаев К. Д. Окутуу технологиясындагы мультимаданий компетенциянын ролу жана мааниси // Эл агартуу. – 2023. - № 1-2. – 15-21-бб.
2. Добаев К. Д. Кыргыз тили сабагында студенттердин универсалдык компетенцияларын калыптандыруу // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2022. - № 2. – 41-49-бб.
3. Добаев К. Д. Значение слова с национально-культурным компонентом на уроках кыргызского языка в русскоязычной начальной школе // Сборник материалов Международного научного конгресса “Русский язык в глобальном научном и образовательном пространстве”. – 6-10 декабря 2021. – С. 444-447.

**2-расмий оппонент катары** п.и.к., доцент Т. А. Жороев сунушталат.Анын корголуп жаткан диссертацияга мазмундаш эмгектери:

1. Жороев, Т. А. Кызыктуу кыргыз тили – Ош: 2006. – 88 б.
2. Жороев, Т. А. Кыргыз тилин окутууда дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын тилдик жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өстүрүү : 13.00.02. педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты– Бишкек, 2012.
3. Жороев, Т. А. Кыргыз тили, практикалык курс: окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо. - Бишкек, 2020.

**Жетектөөчү мекеме катары** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана башталгыч билим берүү кафедрасы сунушталат.

9. *Бүтүм:* Жогорудагы айтылган сын-пикирлер, эскертүүлөрдү боюнча пңдоолор жана толуктоолордон кийин изденүүчү Кашкариева Миргүл

Абибиллаевнанын “Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары” аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) шифрына ылайык жазылган диссертациялык ишин расмий коргоого сунуштоого болот.

**Эксперт:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**
**Күнү:** **2-май, 2024-ж.**

Копия тастыктайм [illegible] башчысы А. Асанова 06.05.2024г.

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673 10.05.2024г
Уч. секр.: [illegible]

КАДРЛАР БӨЛУМУ ОТДЕЛ КАДРОВ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ